32. Аукцион өткөрүлгөн жок деп таанылган учурда комиссия, аукционду кайталап жарыялоо тууралуу же объектти сатыктан чыгаруу тууралуу чечим кабыл алууга укуктуу.

Аукцион эки жолу өткөрүлгөн жок деп таанылган учурда, Комиссия баланс кармоочунун сунушу боюнча объектти ижарага түз берүү чечимин кабыл алат.

33. Тоорук жүргүзүлгөндөн кийин жети күндүн ичинде ыйгарым укуктуу орган аукциондун жыйынтыктары жөнүндө протоколдун көчүрмөсүн баланс кармоочуга жөнөтөт. Баланс кармоочу протокол түзүлгөндөн кийин он күндүн ичинде тооруктун жеңүүчүсү менен ижара келишимин түзүшү керек.

34. Жети күндүк мөөнөттө тараптар кол койгон ижара келишими ижарага берүүчүнүн расмий каты менен бирге коштолуп, ыйгарым укуктуу органга жөнөтүлөт. Ыйгарым укуктуу орган берилген материалдарды он күндүн ичинде карап чыгат жана төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

- ижара келишимин каттоодон өткөрөт;

- эгерде келишим ушул Жобого ылайык келбесе, ижара келишимин бышыктап иштеп чыгууга кайра кайтарат.

## 4. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата конкурс

35. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата конкурс баланс кармоочунун сунушу боюнча же ыйгарым укуктуу органдын демилгеси боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн:

- калыбына келтирүүгө, кайрадан оңдоого, модернизациялоого, капиталдык оңдоого карата орчундуу инвестицияларды тартууну талап кыла турган объектилерге карата;

- объектти колдонуу боюнча баланс кармоочу тарабынан берилген шарттар, ижаралык объектиге, анын иштөө жана иштетүү режимине же ижарага алуучу тарабынан өндүрүлө турган товарлардын же ал көрсөтө турган тейлөө кызматтарынын сапатына карата кайсы бир милдеттенмелерди ижарага алуучунун кабыл алуусун болжолдоо.

Конкурс өткөрүү үчүн муниципалдык мүлктү пайдалангандыгы үчүн ай сайын алынуучу ижара акысынын минималдуу өлчөмү, ошондой эле ижара алуучу өзүнө кабыл алуучу милдеттенмелер аныкталат.

36. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата конкурс өткөрүү үчүн баланс кармоочу ыйгарым укуктуу органга тиркемелери менен бирге расмий кат жөнөтөт:

- Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча жетекчи кол койгон билдирүү;

- конкурстун катышуучуларына карата талаптар;

- конкурстук шарттар;

- ижаралык минималдуу өлчөмдүн эсеби;

- ижарага берилип жаткан муниципалдык мүлктүн техникалык паспорту же башка техникалык документтердин (схема, план) көчүрмөлөрү.

37. Арыз келип түшкөн күндөн кийин ыйгарым укуктуу орган бир айдын ичинде:

- берилген материалдарды карап чыгат, ижаралык акынын минималдуу өлчөмү туура эсептелгендигин текшерет;

- конкурс өткөрүлө турган датаны, ордун (жерин) жана убакытын аныктайт;

- талапкер берүүчү шертпулдун суммасын жана мөөнөтүн аныктайт;